**Окуу бөлүмүнүн башчысы :**

**Предмети : тарбиялык саат 3 класс**

**Сабактын темасы: Китепти сүй кадырла**

**Сабактын тиби: аралаш**

**Колдонулуучу усулдар: түшүндүрүү,аңгемелешүү,**жекече иштоо,топто иштоо,[illegible]
усулун колдонуу

**Сабак аралык байланыш:**мекен таануу,адеп,математика

**Сабактын жабдылышы:** кырдаалга карата сүроттор,баалоо баракчалары,А-4 ак барактар,маркер,ватман

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк: | Көрсөткүчтөр<br>Окуучулар максатка жетишет,эгерде: |
|---|---|
| Китептин эмнеден жасаларын,анын келип чыгыш тарыхын,ал билим булагы экенин билишет. | Китептин эмнеден жасаларын жана анын келип чыгыш тарыхын айтып бере алышса. |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** | |
| Китеп тууралуу кластер түзүшөт,макалдарды айтышат,чечмелешет ,китеп жөнүндө баяндап айтуу көндүмдөрү калыптанат. | Китептин сүрөтүн тартып, ал жөнүндө макалдарды айтып. чечмелеп. китепке кластер түзүп түшүндүрө алышса. |
| **Тарбия берүүчүлүк:** | |
| Топто иштөөдө бири-биринин оюн угуп, китепти жакшы сактоого,таза кармоого,китепти сүйгөн окуучулардан болууга тарбияланышат. | Китеп тууралуу ой бөлүшүүдө,топто иштөөдө бири-биринин пикирин угуп,жардам бере алышса. |

Мугалим тарабынан көрсөтүлүүчү жардамдар

- Эски билимдерин эске түшүрүү жана аларды мындан ары тереңдетүү үчүн активдештирүү
- Китептин баалуулугу жөнүндө ой жүгүртүүсүн далилдүү көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө кам көрүү(сүрөттөр аркылуу);
- Кластер түзүү көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- Толук жыйынтыктоого жардамдашуу.

**1.Уюштуруу " 3" мин**

- Саламдашуу.Окуучуларды журналга жоктоо,тактоо.Сабакка керектүү окуу куралдарын даярдоо.
- Алтын эреже кабыл алуу.
- Топторго бөлүп алуу.
- Баалоо критерийи менен таанышытыруу.
- Окуучуларга психологиялык жагымдуу маанай тартуулоо:

Балдар,сиздер күчтүүсүңөр,акылдуусуңар,мээримдүүсүңөр ж.б.у.с.

**2.Өтүлгөн теманы кайталоо(5 мин): Суроолор боюнча аңгемелешүү:**

- ✓ Суу деген эмне?Анын зарылдыгы эмнеде?
- ✓ Эмне үчүн суу өмүр булагы деп аталат?
- ✓ Суу кайдан,кантип пайда болорун ким билет?
- ✓ Элибиздин жашоо деңгээлин көтөрүүгө,дан өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алууда жаратылыштын табигый байлыктарынан эң зарылы эмне керек?-Суу
- ✓ Албетте,суу керек балдар.

Алган билимдерин кайталап,эске түшүрүү. Кластер түзүү.




| 3.Сабактын максатын талкуулоо :“2” мин | Түшүндүрмөлөр |
| --- | --- |
| Балдар биз,бул сабакта,китептин эмнеден жасаларын,анын келип чыгыш тарыхын,ал билим булагы экенин билип,китепти сүйүп, кадырлоо керек экендигин үйрөнөбүз. | Ички мотивация сабактын темасын,максатын угушат, таанышышат, талкуу жүргүзүшөт. |
| **4.Жаңы теманы түшүндүрүү (10 мин):** | |
| ✓ Китеп деген эмне? Анын зарылдыгы эмнеде?<br>✓ Эмне үчүн, китепти сүй кадырла деп айтып келишет?<br>✓ Китеп кайдан,кантип пайда болорун ким билет?<br>✓ Силердин алгачкы окуу китебиңер кайсы китеп?<br><br>**Тема боюнча түшүндүрүү:**<br>Аспантардай китептер да ар бир үйдө бар.Маданият китептердин жардамы менен өнүгөт жана сакталып калат.<br>Китеп- менин тунук, таза булагым,<br>Китеп-менин өчпөс жарык чырагым! демекчи, акылыбызга акыл кошуп,алысты жакындан тааныштырган билим булагы бул- китеп.<br><br>Китеп кагаздан,ал эми кагаз жыгачтан жасалат.Китепти жасоого көп эмгек талап кылынат.Китепке кагаз жасоо үчүн,жыгач материалынын сегиз-он эсе көп өлчөмдөгү бөлүгү керектелет.Жыгач өсүп жаткан дарактан алынат.Ал эми ал даракты өстүрүү үчүн элүү-сексен жыл керек.Ошондуктан китепти этияттап урунуу керек.<br>**Китептин келип чыгуу тарыхы:**<br>Россияда китеп басып чыгаруу 1564-жылы башталган.Биринчи китеп басып чыгаруучу Иван Федоров деген киши болгон.Ал басмакана уюштурган,ар бир тамганын шрифтерин түзгөн.Бүт жумуш кол менен аткарылган.Ошондой басмаканадан чыккан китептер аз болгон.Азыр болсо бир күндө бир нече миңдеген китептерди заманбап автоматташтырылган машиналарды ойлоп таап, ошолордун жардамы менен чыгарышат.<br>Көрдүңөрбү,балдар,биринчи китеп бизге чейин кол менен аткарылгандыктан,силерге окшогон балдарга китеп жетишсиз болгон.Азыр болсо силер китептин түрлөрүн окуп жатасыңар.,заманыбыздын бактылуу балдарысыңар.Андыктан китепти сүйүп,барктап,кадырлашыбыз керек.<br><br>А.Осмоновдун “Ким китептин душманы” ырын көрком окуу. | Диагностикалык баалоо.Акыл чабуул ыкмасы<br><br>Берилген суроолордун тегерегинде жуптарда талкуулашат.<br><br>Кайтарым<br><br>байланыш,<br><br>калыптандыруучу<br><br>баалоо<br><br>кайтарым<br><br>байланыш |

| | |
|---|---|
| Ким китепти кирдетсе,<br>Китеп баркын билбесе.<br>Жулуп алып барагын ,<br>Орой салса бир нерсе.<br>Ал -китептин душманы<br><br>Ким китепти сүйбөсө,<br>Кадырына күйбөсө,<br>Барактарын шарт айрып,<br>Калжаң-кулжаң сүйлөсө,<br>Ал – китептин душманы.<br><br>Мугалим: - бардыгынан ким жаман?<br>Хор: - китепти жырткан шум жаман .<br>Мугалим: - китепти сүйгөн адамдан,<br>Хор: -Наалат алсын ал адам!<br>-Ал китептин душманы.<br>Китеп тууралуу улуу адамдардын айткандарын окун түшүндүрүү<br>❖ Китеп окуган адам,эч нерсе окубаган адамдан алда канча жогору турат.В.Г.Белинский<br><br>❖ Адамдар китеп окуганды таштаса,анда алар ой ойлонуудан да калат.Д.Дидро<br><br>❖ Мен үчүн китеп алтын тактадан да кымбат. В.ШЕКСПИР ж.б,у,сыяктуу ойлор айтылат.<br>Элибизде китеп,билим жөнүндө кандай макалдар айтылып жүрөт?<br>Окуучулардын болжолдуу жооптору:<br>• Акыл айга ,өнөр көккө жеткирет.<br>• Билими күчтүү миңди жыгат,<br>Билеги күчтүү бирди жыгат.<br>• Китеп билим булагы,<br>Билим өнөр чырагы.<br>• Китеп –мүлк,оокат,нан,китеп окубаган наадан.<br>✓ Окуучулар үч топко бөлүнүп,тапшырма боюнча иштей башташат.<br>✓ Ар бир топко багыт берүү менен бирдикте кызматташуу<br>✓ Убакытты белгилөө<br>Сабакты бышыкто:Кайтарым байланыш .Суроолор боюнча аңгемелешүү.<br>1-ТОПКО<br>✓ Китеп деген сөзгө кластер түзгүлө.<br>2-ТОПКО<br>Китептин кантип жасаларын айткыла.<br>3-ТОПКО<br>✓ Китеп жөнүндө макал айтып,чечмелеп бергиле.<br><br>Эс алдыруу мүнөтү. "Ким китепти окуса"Ырды кыймылдары менен ырдашат. | Калыптандыруучу баалоо жүргүзүлөт , бул учурда окуучунун демине-дем,күчүнө-күч кошулат.<br><br>Ойлонушат,<br><br>талкуулашат<br>Топко эмоционалдуу баалоо жүргүзүлөт , бул учурда окуучунун демине-дем,күчүнө-күч кошулат.<br><br>Эс алуу мүнөтүн аткарышат. |
| 5.Сабакты жыйынтыктоо: "2 "мин. | |

| | |
|---|---|
| **Кайтарым байланыш:**<br>✓ **Бул сабакта,ким кандай пайдалуу нерсе ала алды? ж.б.у.с.**<br>✓ **Ким кандай жаңы маалыматтарга ээ болду?**<br>✓ **Кимде кандай суроо бар?**<br>**Мугалимдин жыйынтыктоосу:**<br>**-Балдар,китепти сүйүп,барктап,китеп,дептерге аяр мамиле жасап,Н.К.Крупскаянын "Китепти сүй,күтүп ал" деген сөзүн дайыма эсибизге тутушубуз керек.** | **Жекече ой жүгүртүп,топто талкуулап жооп беришет .** |
| **6.Үйгө тапшырма берүү " 2"мин** | |
| **Китеп жөнүндө улуу адамдардын айтканын жана китеп тууралуу ырлардан таап, жаттап келише.** | **Күндөлүктөрүнө китеп жөнүндө ыр жаттап келүү деп жазышат.** |
| **7.Окуучулардын билимин баалоо: "2" мин**<br>**Баалоо критерийинин негизинде топтук жана жекече баалоо жүргүзүлүп,күндөлүкторүнө алган баалары коюлат.** | **Күндөлүктөрүнө баа койдурушат.Жыйынтык тоочу баалоо** |